АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
АК-ЧИЙ АЙЫЛЫ
МУРЗАБЕК БАЛБАКОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
СЕЛО АК-ЧИЙ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ МУРЗАБЕКА БАЛБАКОВА

Инд : 722507
Ак Чий айылы
Уста Турдуке көчөсү № 41
balbakov.mektep @mail.ru

инд : 722507
село Ак Чий
ул. Уста Турдуке №41
balbakov.mektep @mail.ru

М. Балбаков атындагы орто мектебиинин педагогикалык кеңешмесинин

№ 1 протоколу

29.08.2022 - жыл Ак-Чий айылы

Мугалимдердин жалпы мүчөсү: 23
Кеңешке катышканы: 17
Катышпаганы: 6

## Педагогикалык кеңешмеде каралуучу маселелер:

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы, педколлективдин ишине анализ
2. 2022-2023-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын билим берүү илим министрлигинин 2022-жылдын 28-майындагы №869/1, КР билим берүү жана илим минстирлигинин 2022-2023-окуу жылы үчүн Базистик окуу планынын негизинде мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу-тарбия иштерин уюштуруу жана предметтик сааттарды туура бөлүштүрүп берүү жөнүндө.
3. 2022-2023- окуу жылынын милдеттери жана жылдык планды бекитүү
4. Класс жетекчилерди ,кабинет башчыларын ,предметтик ийримдердин жетекчилерин, этика жана алдын алуу комиссиясын дайындоо
5. Эксперттик топтун жана мугалимдердин ,техперсоналдардын иш наамасын аныктоочу топтун мүчөлөрүнүн курамын бекитүү
6. Ар кандай маселелер :
   1. Мектептин акы төлөнүүчү кружокторун жетекчилерин өзгөртүү
   2. Маалымат базасына жоопту адамды дайындоо
   3. Иш кагаздарын жүргүзүүчүнү бекитүү
   4. Темир уулу Исламдын күбөлүгүнүн жоголуп кетүүсү жана дубликат берилүүсү жөнүндө
   5. Жапарова Махабаттын арызы боюнча уулу Мамбетисаев Эмирбекти үйдөн окутуу боюнча арызын кароо

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча:

Угулду: 2021-2022-окуу жылына карата жана педколлективдин ишине анализ мектептин ОББ Ч.Токолованын билдирүүсү: М.Балбаков атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында мамлекет тарабынан белгиленген окуу программасы базистик вариант менен толук аткарылды. Быйылкы жылы деле11 класс комплекти.Жалпысынан мектепте 22 мугалим эмгектенди, алардын ичинен 3 магистр,16 жогорку билимдүү,4 атайын орто билимдүү мугалимдер окуучуларга билим-тарбия бере алышты.
3 Билим берүүнүн отличниги, 6 МНО нун грамотасынын ээлери жана бир нече райондук, облустук билим берүү бөлүмдөрүнүн грамоталарынын ээлери эмгектенип келишти.Былтыркы окуу жылынын жыйынтыгы менен 110 окуучу окуп билим алып 20/16 окуучу отличник, 35/21 окуучу ударник болуу менен бирге билим сапаты боюнча 50 % түздү. Окууга тартылбай калган окуучу болгон жок.

Мугалимдер өз милдеттерин так жана жоопкерчилик менен аткара алышты. Окуучулардын сабакка келүүсү дайыма көзөмөлгө алынып турду. Укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен бирдикте уюштуруучу,соц педагог, класс жетекилер жана балдар өспүрүмдөр уюму,МЖЖ зордук зомбулукту болтурбоо,ар кандай кырсыктын алдын алуу иштерин жүргүзүштү.Одоно тартип бузган окуучулар жок. Ак-Талаа райондук өрткө каршы бөлүмү менен райондук деңгээлде өрт коопсуздугунун окуусу болуп өттү.

Айыл өкмөтү менен бирдикте соцпедагог жыл башында жетим, жарым жартылай жетим,турмуш шарты оор ,көп балалуу,аз камсыз үй бүлөлөрдү ж.б. тактап ,аларга жардам көргөзүүгө жетише алышты.

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча

Угулду: Быйылкы окуу жылында былтыркыга салыштырмалуу бир аз предметтерде гана өзгөрүү болду, музыка,кол эмгек ,ч.тили сабактарында өзгөрүү болду.калган предметтерде өзгөрүү болгон жок.2022-2023-окуу жылы үчүн Базистик окуу планынын негизинде мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык –окуу тарбия иштерин уюштуруу жана предметтик сааттары туура бөлүштүрүлүп берилди.

Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча

Угулду: Быйылкы жылдык планда мектептеги иштердин күчтүү жана алсыз жагын аныктадык. О.э мүмкүнчүлүктөрүн, коркунучтарын жана көйгөйлөрүн аныктап чыктык.Андан кийин биз төмөндөгүдөй милдеттерди аткарууга коюп ошонун негизинде план түздүк.Силер милдеттер ,максаттар менен тааныштыра кетсек:

1. Мамлекеттик стандартка ылайык окуу тарбия программаларынын аткарылышы.
2. Билим сапатын жакшыртуу, интеллектуалдык көндүмдөрүн жогорулатуу
3. Окуучулардын коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандыруу
4. Жаш кадрлар менен иштөө,насаатчылык кылуу
5. Методикалык устаканаларды жеринде өткөрүү , мугалимдердин билимин жогорулатуу
6. Жетишкендиктерди көзөмөлдөө
7. Методикалык бирикмелер менен иш жүргүзүү
8. Мектепке тиешелүү иш кагаздарынын туура, так жүргүзүлүшүнө жетишүү
9. Ата-энелерди , коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу.
10. Мектеп алдындагы бакчанын ишин жакшыртуу
11. 1-4-класстарга берилүүчү ысык тамактын берилишин оптималдаштыруу.

Быйылкы окуу жылыныа карата мектептин жалпы планы жана ОББнын планы,уюштуруучунун, соцпедагогдун жана бирикме жетекчилеринин ,коомдук уюмдардын пландары РБББ методикалык секция иштеринде айтылган сунуштардын негизинде түзүп бекители.

Күн тартибиндеги төртүнчү маселе боюнча

Угулду: Быйылкы окуу жылында төмөндөгүдөй класс жетекчилер ,кабинет башчылары , предметтик кружок жетекчилери ,усулдук бирикме жетекчилери,уюмдардын жетекчилери жана этика комиссиясын дайындайлы:

*Класс жетекчилер:* 480 саат даярдоо-Н.Кадыралиева

1-класс : К.Аскарова

2-класс: А.Агыбаева

3-класс: Г.Смайылбекова

4-класс: М.Рыспаева

5-класс: С.Мукашева

6-класс: Г.Байшериева

7-класс: С.Сагынбекова

8-класс: М.Рыскулбекова

9-класс: К.Ашымова

10-класс: А.Секиев

11-класс: С.Тасмабаева

*Кабинет башчылары:* К.тили – М.Рыскулбекова

О.тили-М.Мусабекова

Математика –Ж.Кенеева

География –Г.Байшериева

Ч.тили-К.Ашымова

Биология –А.Мамбеталиева

Тарых-С.Мукашева

Информатика –С.Тасмабаева

Физика-Н.Касмалиева

*Башталгыч класстар:* 1-класс К.Аскарова

2-класс А.Агыбаева

3-класс Г.Смайылбекова

4-класс М. Рыспаева

*Акы төлөнүүчү ийримдери :* Дене тарбия- А. Секиев

Информатика –С.Тасмабаева

Биология-А.Мамбеталиева

*Усулдук бирикме жетекилери:* Табигый усулдук бирикме жетекчиси: Г.Байшериева

Гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси: С.Мукашева

Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин жетекчиси: М.Рыспаева

Класс жетекчилер усулдук бирикмеси жетекчиси : Конурбай уулу Сергек

*Уюмдардын жетекчилери* : Балдар өспүрүмдөр уюму: Болот уулу Нарынбек

Кыздар уюму: М.Рыскулбекова

*Этика комиссиясы:* Төрагасы -А.Дөөлөтбеков

Г.Смайылбекова

А.Секиев

Ж.Кенеева

А.Агыбаева

**Күн тартибиндеги 5-маселе боюнча**

Угулду: М.Балбаков атындагы орто мектебинин мугалимдеринин жана чарба кызматкерлеринин тарифин жана стажысын эсептөө үчүн төмөндөгүдөй эксперттик комиссиясы түзүлсүн:

1. **А.Дөөлөтбеков-комиссиянын төрагасы**
2. **Ч.Токолова –мүчөсү**
3. А.Абдыракманова -мүчөсү
4. К.Шыгаев –мүчөсү
5. А.Секиев –мүчөсү

**Күн тартибиндеги ар кандай 6-маселе боюнча**

Угулду: Мектеп директору А.Дөөлөтбеков өз сөзүндө –Урматтуу мугалимдер мектепте өзүнүздөр билгендей былтыркы окуу жылында акы төлөнүүчү ийримерден математика предметинин ордуна **информатика** ийримин ачуу сунушун айтат элем,себеби ким олимпиададан көрсөткүч көрсөтсө ошол предметке ачуу деген ой пикириниздердин негизинде жогорудагы предметке берели.Жана дагы ар бир предметтик мугалимдер олимпиададан орун алуу талабы баарыбызга тиешелүү.

2. Маалымат базасы боюнча иш алып баруу жагына ОББ Ч.Токолованы дайындайлы.Мектепте мугалимдердин, тех.кызматкерлердин жана окуучулардын маалыматы ОББ да толук сакталуу керек.
3. Мектепте иш кагаздарын жүргүзүүчүнүн кызматы жок болгондуктан кошумча иш жүргүзүүнү мектептин лабораториясы жоктугуна байланыштуу иш кагаздарын жүргүзүү үчүн С.Тамабаеваны бекители.
4. Алдын алуу кенешинин курамын да дайындайлы:
    1. **А.Дөөлөтбеков-кенештин төрагасы**
    2. А.Абдыракманова –кенештин мүчөсү
    3. С.Конурбай уулу –мүчөсү
    4. Ж.Саалиев- айыл өкмөттүн соц кызматкери-мүчөсү
    5. Б.Кубатбеков- мектепте окуучулар менен иштөө инспектору

6.2020-жылы 9-классты бүтүп кеткен Темир уулу Ислам М.Балбаков мектебинде окуп бүткөндүгү чындык .Эгер туура боло турган болсо жоготуп ийген күбөлүгү жараксыз деп табылып, кайрадан дубликат болуп күбөлүгү берилүүсүнө кандай карайсыздар негизи арызына ылайык? Макул балага документ керек да окуп, аяктаган да дешти.

7. Жапарова Махабаттын уулуМамбетисаев Эмир инклюзивдик окуучу болгондуктан ,мурун деле үйүнөн окутулуп келген ,ата- энесинин суранычы менен макул болуп ,арызынын негизинде каралганы туура эле го.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап № 1 педагогикалык кеңеш токтом кылат

1. 2022-2023-окуу жылындагы М.Балбаков атындагы орто мектебиндеги аткарылган иштер жана педагогдордун ишмердүүлүгү жакшы деп табылсын!
2. КР билим жана илим министрлигинин 2022-2023-окуу жылы үчүн Базистик окуу планынын негизинде мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык предметтик саатар туура так, бөлүштүрүлүп берилсин.
3. 2022-2023-окуу жылында М.Балбаков атындагы орто мектебинин жалпы жамааты жогоруда айтылган милдеттерди аткарууга жетишишсин.
4. Мектептин келечек планы ,директордун ,ОББнын ,уюштуруучунун ,соцпедагогдун,усулдук бирикме жетекчилеринин ,коомдук уюмдардын жаңы окуу жылына карата иш пландары бекитилсин.
5. Быйылкы окуу жылында сунушталып жогоруда аты аталган класс жетекчилер,кабинет башчылары,предметтик ийрим жетекчилери,усулдук бирикме жетекчилери,уюмдардын жетекчилери жана этика, алдын алуу комиссиясы бекитилсин!
6. М.Балбаков атындагы орто мектебинин мугалимдеринин ,чарба кызматкерлеринин тарифин эсептөө жана стажысын аныктоо үчүн жогоруда аты аталган мугалимдер эксперттик комиссиясы болуп бекитилсин!
7. Мектептин мурдагы акы төлөнүүчү математика ийрими информатика ийримине алмаштырылсын!
8. Мектептин лабораториясынын жоктугуна байланыштуу мектептин лаборанты иш кагаздарын жүргүзүү жагы тапшырылсын!
9. Маалыматтык база боюнча маалыматты киргизүү ОББ Токоловага жүктөлсүн.
10. Темир уулу Исламдын күбөлүгү дубликат болуп берүү жагы каралсын!
11. Мамбетисаев Эмирди үйдөн окутуу жана документ иштери соцпедагог А.Абдыракмановага тапшырылсын.Расписаниесин ОББ Токолова түзүп берсин!
12. Педагогикалык жана өндүрүштүк кенештин протоколдорун жазуу үчүн катчылыкка С.Тасмабаева шайлансын!

Бул токтомду аткаруу жагы ОББнын башчысына, класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусуна,соц педагогко милдеттендирилсин!

Буларды көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Педагогикалык кенештин төрагасы: А.Дөөлөтбеков

Катчысы: С.Тасмабаева